Коомдук-саясий жумалык гезити

Аймак

ӨЛКӨ АЙМАКТАРЫ МЕНЕН КУБАТТУУ

№39 (305)
11-декабрь
2018-жыл

www.aimak.kg
e-mail: aymak.kg@mail.ru
Тел.: (03722) 2-32-36

ЖАҢЫ ЖЕТЕКЧИ ДАЙЫНДАЛДЫ

«Кыргыз почтасы» мамлекеттик ишканасынын Жалал-Абад шаардык филиалына жаңы жетекчи келди.

Аталган ишканага буга чейин Сузак райондук "Кыргыз почта" мамлекеттик ишканасынын жетекчиси Кадыржан Мамбеткулов ротация жолу менен дайындалган. 28-ноябрдан тартып өз ишин улантууда.

К. Мамбеткуловдун айтымында, ал буга чейин Сузак райондук "Кыргыз почта" мамлекеттик ишканасын 14 жылдан бери башкарып келген. Ал мамлекеттик бюджеттин жардамысыз материалдык-техникалык базаларын жакшыртып, ашар ыкмасы менен 10 байланыш бөлүмүнүн имаратын салган. Республикадагы "эң мыкты" почта филиалы номинациясына ээ болушкан.

Эскерте кетсек, буга чейин иштеген К.Жолдошов өз арызы менен иштен кеткен.

Бүбүсара ОРОЗАЛИЕВА, "Аймак"

ӨТҮГҮ ЖОККО ӨЗҮМ БАРАМ

же кышка даярдык кандай?

(3-бетте)

СЫЙЛЫК ЖАЛГЫЗ – СЫЙМЫК ЖАЛПЫ

"Мен билген Айтматов": жеңүүчүлөр аныкталды. "Азаттык" радиосунун кыргыздын залкар жазуучусу, ойчул замандашыбыз Ч.Айтматовдун 90-жылдыгына арналып, ушул жылдын июнь айында жарыяланган сынагы соңуна чыкты.

Сынакка жалпысынан кыргыз жана орус тилиндеги жүздөн ашуун блок, бир нече аудио жана видеолор келди. Алардын ичинен залкар замандашыбыздын бейнесинин белгисиз жактарын баяндаган, анын чыгармалын, каармандарын жаңыдан ачып берген аңгеме, блоктор көп түштү. Тилекке каршы редакциянын почтасына келген видео, аудио жана айрым тексттерде автордук укукка жана сапатка байланыштуу маселелер болгон үчүн сынактын талабына жооп бербейт деп табылды. Андыктан "Азаттык" жамааты кеңешип-кесип, сыйлыкты мыкты аңгеме жана блог жазган окурмандарга бөлүштүрүп берүүнү чечти. Жалпысынан сыйлыкка 25 калемгер, көркөм өнөрдүн ээлери татыктуу болушту. Жеңүүчүлөрдүн арасында Жалал-Абад областынан Жолдошбай Осмонов менен Ырысбай Абдраимов да бар.

Эмгек чыйырын Базар-Коргон райондук "Эмгек Жалыны" газетасында баштаган, ЖТРКда көп жылдар бою иштеп таштаган, эки китептин автору, калемдешибиз, республикага белгилүү журналист Ж.Осмоновго ак дилден, ак пейилден ак каалообузду билдирмекчибиз.

Ооматтуу иним Жолдошбай,
Оюмду айтсам жашырбай.
Чыңгыздай болсун атагың,
Чыгарма жазсаң талыкпай.
Чыгара бер дагы да,
Чыгаандардан калышпай!...

**Устатың жана кесиптеш агаң
Рысбай ЖУМАБЕКОВ**

Урматтуу окурмандар!

"Аймак" коомдук-саясий гезитинин 2019-жылдын биринчи жарым жылдыгына жазылууну унутпаңыздар, жазылуу жүрүп жатат. Улам туягы кызыган күлүктөй болуп гезитибизди кызыктуу чыгарууга жаңы идеялар, темалар менен толуктап жатабыз.

Жазылуу "Кыргызпочта" ишканасынын бардык район-шаарларындагы бөлүмдөрүндө жүргүзүлүп жатат.

Гезиттин жазылуу баасы почта кызматын кошкондо:

1 айга – 50 сом
3 айга – 150 сом
6 айга – 300 сом

Эскертүү: *Жалал-Абад шаары үчүн түз жазылуу уюштурулат.*

Жазылуу индекси 68560

Тел.: (03722) 2-32-36, моб.тел.: (0770) 81-00-32.

Афтандил КУШБАКОВ:

"ӨНҮГҮҮНҮ ӨРКҮНДӨТҮҮ БАРДЫГЫБЫЗДЫН ПАРЗЫБЫЗ"

Терең ой жүгүртүп көрсөң Кыз-Көл өрөөнү илимпоздордун мекени. Аймактан чыккан алгачкы илимдин доктору Мухтар Борбугуловдун жолун улантканадар ого эле көп. Ушул тапта 20дан ашуун илимдин кандидаттары, 6 илимдин доктору, 5 профессор өсүп чыгышты. Бул жагынан алып караганда кыз-көлдүктөрдүн сыймыктана да, кубана да турган жагы бар. Алардын бардыгын ойлосок, эмгектерин айтсак сөз узарып кетчүдөй. Кезегинде бул туурасында кенен-кесири сөз болот.

(Уландысы 4-бет)

Чаткалдын чатагы

(5-бетте)

АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫ ТУРМУШТУН УҢГУСУНАН АЛЫНГАН



(6-бетте)

Билип алган жакшы

(8-бетте)

ДУБАНДАРДАН ДУУ-ДУУ КЕП

● *ЖАЛАЛ-АБАД*



ЖАЛАЛ-АБАДДА БАЛ ТИЛДҮҮЛӨР БАЛ ТАТЫШТЫ

Өткөн аптада Жалал-Абад шаарында «Бал тил» клубу тарабынан «Заманга кадамдашпызбы?» деген темада баарлашуу болуп өттү.

Баарлашууда ар бир катышуучулар 2 мүнөттөн сөз алып, өз ойлорун айтышты. Ошондой эле топ-топко бөлүнүп, суроолор боюнча талкуулашты. «Бал Тил» клубунун негизги максаты, кыргызча баарлашуу болуп саналат.

"Тандалган соболдун тегерегинде белгилүү бир убакта ой бөлүшөбүз. Кара сөз менен баяндайбы же тизмектеп ыр сапка салабы, ак таңдай акындык жайы болсо, төгүп да береби – ал катышуучунун өз эрки. Болгону, орусча сөз кошпойбуз, берилген мүнөттөрдөн ашырбайбыз, күндөминен четтебейбиз. "Саатчы" убакытты ченейт; "Билерман" орусча же башка тилде айтылган сөздөрдү санайт да, аягында ким канча убакыт сүйлөп, канча орусча сөз кошкону угузулат. Бул бара-бара таза сүйлөөгө жардам берүүчү ыкма. Мыкты сүйлөп, көөнө сөздөрдү мол кошуп, нагыз кыргызча баян курган катышуучуну добуш берүү менен аныктайбыз. Бул биз үчүн ыктыярчылык иш, кыргыз тилинин өнүгүүсүнө кошкон тамчыдай болсо да салымыбыз" - дейт уюштуруучу **Жайнагүл Абдирасулова.**

Баарлашууга келген коноктор кыргыз тилинде баарлашуусу мектептерде жана ЖОЖдордо да өткөрүлүп туруусун баса белгилешти.

Белгилей кетсек, «Бал Тил» клубу алгач Бишкек шаарында түптөлгөн. Ал эми Жалал-Абад областында негиздегендер ЖАМУнун англис тили мугалими Аида Мамбеткулова жана «АННУР ЭДУКАРЕ» билим берүү борборунун адиси жана англис тили мугалими Жайнагүл Абдирасулова. «Бал Тил» клубу айына 2 жолу баарлашуу өткөрүп турмакчы.

ЖАЛАЛ-АБАДДА КАЛККА АКЫСЫЗ ЮРИДИКАЛЫК ЖАРДАМ БЕРҮҮ БОЮНЧА ДЕКАДА ӨТТҮ

Жалал-Абад областында КРдин Юстиция министрлигинин Акысыз юридикалык жардам көргөзүү борборлору тарабынан үстүбүздөгү жылдын 3-декабрынан 10-декабрына чейин калкка акысыз юридикалык кызмат көрсөтүү жана жардам берүү боюнча декада өттү.

"Көк-Арт Инфо" маалымат борборундагы пресс-конференцияга Жалал-Абад облустук юстиция башкармалыгынын башкы адиси Акбар Эрматов, КР Юстиция министрлигинин алдындагы "КР мамлекеттик кепилденген юридикалык жардам боюнча" координациялык борбордун Жалал-Абад облусундагы координатору Эрмек Камашов катышышты.

"Акысыз кеңеш берүү "КР мамлекеттик кепилденген юридикалык жардам" деген мыйзамдын негизинде ишке ашырылууда. 2012-жылдан бери бул мыйзам расмий түрдө иштеп келе жатат. Мыйзам 2016-жылдын 16-декабрында кайрадан кабыл алынган. Бул бардык эле адамдарга эмес аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө, жашы жете электерге, мүмкүнчүлүгү чектелгендерге, жалгыз бой жана баатыр энелерге акысыз мамлекеттин эсебинен юридикалык жардам көрсөтүлөт», - дейт **А.Эрматов.**

Жалал-Абад, Кара-Көл шаарларында, Базар-Коргон, Токтогул райондорунда акысыз юридикалык жардам берүү боюнча борборлор бар. Областта акысыз юридикалык жардам көрсөткөн 36 адвокат иштесе, Жалал-Абад шаарынын өзүндө 14 адвокат иштейт.

КӨЧӨ КӨРҮНҮШҮНДӨГҮ СЕССИЯ

Өткөн аптада Жалал-Абад шаардык кеңешинин кезектеги сессиясы болду. Анда күн тартибинде 11 маселе каралып, ал депутаттардын базардагыдай жүрүмү менен коштолду.

Алгач 10:00дө башталa турган сессия күтүү режиминде туруп, 20 мүнөт кечигип олтуруп, 31 депутаттын 23үнүн катышуусу менен башталды. Жыйын башында шаардын борбордук Ленин көчөсүнүн атын Ч.Айтматов деп өзгөртүү сунушу коюлуп, ал сессия соңунда көпчүлүктүн колдоосуна татып, эми Ленин көчөсү Айтматов көчөсүнө айланмай болду.

Ошентип кечигип жатып башталган сессиянын жүрүшү базардагы соодагерлердин абалына окшоп турду. Анткени, эл өкүлдөрү каалаган учурда сессияга кирип, кааласа чыгып, кааласа селфиге түшүп, кааласа бир темада талкууга аралашып жатышты. Сырттан карап олтурган адамга депутаттар мектептеги сабакка даярданып келген, чала даярданган, анан даярданбай уйкудан туруп эле шашылыш келген окуучуларга окшоп көрүндү. Айтмакчы, 13-сессиянын жүрүшүндө депутаттар Сайдилла Чимбердиев, Улан Ашимов, Зарыл Салиев, Асыл Сыдыков, Упел Пархaнова, Шаирбек Ташиев, Талант Баев жана Нурбек Исмаиловдордон башкасы эжекесинен 2 алган окуучудай ким эмнени сүйлөсө ошонун оозун карап, кол көтөрүп кайра түшүрүп отурушканы менен өзгөчөлөнүштү.

Баса, бул сессияда өнүгүүчүлөрдүн бир депутаты экөөнө татыды. Анткени сессия башталып, келген депутаттардын тизмеси 23 деп берилгенден кийин 24чү болуп өнүгүүчү Жыргал Эгембердиев жоодон качкан немедей шашылыш кирип келди. Кечиккени аз келгенсип, кирип эле кесиптештери менен саламдашпай туруп суу уурттаганы ийне кууп барып жетпеген "чала улакчыдай" өңүт калтырды. Анын келишин күтүп тургандай эле Эгембердиев эптей албаган атты кармачудай Нурбек Исмаилов сыртты көздөй жөнөдү. Муну кеңештин аппараты байкабай калдыбы же байкамаскан болуштубу, айтор орун алмашкандан кийин да 23 добуш 24 деп эсепке алынды.

Бул сессиянын бир өзгөчөлүгү башаламан өткөндүгүндө болду. Эл өкүлдөрү бири-бирин укпай, төраганы болсо жаш дештибй тоготуп-тоготпой олтурушту. Бул сессияда мэр Мураталы Тагаев да өзүнүн төрагалык кезин бир эстеп алды окшойт. Сессияга киргенден кийин мэр экенин унутуп, депутаттарга акыл үйрөтүп, ар бир маселеде өз оюн бөлүшүп жатты. Же биз мурдагы сессияларда мурунку мэрлер депутаттар көтөргөн маселелерде депутаттай болуп талашып олтурбай, аткаруу бийлигиндеги эле мүмкүнчүлүктөрүн айтып, сөз келгенде гана сүйлөп олтурганына көнүп калганыбызгабы, айтор жаңы мэрдин эски кылыктары эчен ойго салды...

Санрабия САТЫБАЛДИЕВА,
"Аймак"

● *НООКЕН*

БЫЙЫЛ ПАХТА ТҮШҮМҮ АЗ БОЛДУ

Өткөн жылы пахтанын түшүмү мол болуп, баасы да жогору болгон. Ал эми быйылкы жылы паясы көп болду, бирок пахта аз түшүм берген.

Жаз кеч келип, пахта кеч чыккандыгынан улам түшүм аз болгондугун Ноокен районунун Сакалды айылынын тургуну **Осмонов Рамазанбек** билдирди.

"Башка жылдары пахтаны 2-3 жолудан терип алчубуз. Быйыл болсо 2 жолу гана терип алдык. Ошондой эле былтыркы жылы пахтанын башкы баасы 44,5 жана 45 сомдон башталып, кышкысын пахтанын баасы жогорулап 53- 55 сомдон саткан-быз. Быйыл болсо 39 сомдон башталып 46 сомго чейин чыкты, бирок кайра эле 40 сомго түшүп калды", - дейт айыл тургуну.

Дыйкандардын айтымы боюнча 1 гектар жерден пахта жакшы түшүм берсе жылына 3-4 тонна, ал эми түшүм аз болгон жылдары 2-3 тонна берет. Пахтанын түшүмдүүлүгү аба ырайына байланыштуу да болот. Күн ысык болгон жылы пахта түшүмдү жакшы берет. Негизи пахта ысыкты сүйгөн өсүмдүк.

● *ЧАТКАЛ*

ТУРМУШУ ООР ҮЙ-БҮЛӨГӨ БИР ТАЙ БЕРИЛДИ

Чаткал районундагы Кызыл-Токой айылынын имамы Раталы Бүркүтбаевдин демилгеси менен айылдагы турмуш шарты оор Жаныбектин (аты үй ээсинин суранычы менен өзгөртүлүп берилди) үй-бүлөсүнө бир тай берилди. Бул тууралуу областтык мусулмандар казыятынан билдиришти.

Маалыматка ылайык, кайрымдуулук саамалыгы айыл тургуну Мирлан Кайназаров тарабынан ишке ашырылып, ал өздүк чарбасынан аталган үй-бүлөгө малынын зекетин тапшырган.

«Бул үй-бүлө эч жерде иштешпейт жана балдары мектепте окушат. Бир топ карызы да бар бар экен. Облус казысынын тапшырмасына ылайык аймактарды өнүктүрүү жылынын алкагында элет жеринде жашап жаткан калкка кызмат көрсөтүп, алардын социалдык абалын жакшыртуу программасы боюнча уюштурула бермекчи», - деди **Раталы Бүркүтбаев.**

● *СООДА-САТЫК*

Государственое агентство по управлению бюджетными кредитами при Министерстве финансов Кыргызкой Республики реализует следующие недвижимые имущества, принятые в счет погащение задолженности должников:

№	Наименование	Место расположения	Стоимость (тыс. сом)	Дополнительная информация
1	Жилой дом	Сузакский район с. Октябрьское ул. Б. Кебекова №28	603,073	Общая площадь 43,3 кв.м., 34 кв.м., земельный участок 1166 кв.м
2	Жилой дом	Сузакский район с. Жалгыз-Жангак, ул. Сыдыкова №14	72,541	Общая площадь 126,1 кв.м., 94 кв.м., земельный участок 4504,9 кв.м

Возможно рассмотрение различных вариантов продаж. Предпочтение отдается покупателю с наибольшей ценой и наиболее.

За более подробной информацией обращаться по адресу: г. Бишкек бул. Эркиндик 58 а каб. 203, тел 0312 62-01-26

1	Жилой дом	Сузакский район с. Октябрьское ул. Первомайская 32а	997,947	Общая площадь 76,0 кв.м., 62.0 кв.м., земельный участок 1425,0 кв.м
2	Жилой дом	Сузакский район с/у Кок-Арт с. Жерге-Тал ул. К.Матыева б/н	182,970	Общая площадь 109,8 кв.м., 90,5 кв.м., земельный участок 2034,0 кв.м

ӨТҮГҮ ЖОККО ӨЗҮМ БАРАМ

же кышка даярдык кандай?

Ачып көздү жумгуча кылычын сууруп, кыш да келди. Айрымдар кыш катуу болот десе, башкалары бул сөздү четке кагуу менен кардын аз жаай тургандыгын айтып келишет. Сууктун түшүшүн, кардын жаашын күтпөй, калкыбыз эбак эле кышка даярданган чыгар. Бул санда кышка даярдык маселеси боюнча көмүрдүн канчалык деңгээлде даярдалганын сунуш кылмакчы.

Ажымамат ИСАЕВ, региондорду өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы:
"ОБЛАСТ БОЮНЧА КӨМҮРДҮН РЕЗЕРВИ 1 МИЛЛИАРД ТОННАДАН АШУУН"

-Быйылкы жылдын тогуз айында 94 195 тонна көмүр өндүрүлдү. Былтыркы жылга салыштырмалуу бул жогорку көрсөткүч. Көмүр кендери Таш-Көмүр, Көк-Жаңгак, Кумбелде бар. Лицензиясы менен көмүр өндүрүүчү 12 ишкана бар. Алардын бири Таш-Көмүрдөгү "Тегене" жоопкерчилиги чектелген коому. Жалпы көмүрдүн резерви 1 миллиард тоннадан ашуун. 2018-2019 -жылдын кыш мезгилине калк тарабынан шарттуу отунду кошкондо 176,3 миң тонна көмүр камдоо керек, азыркы учурда 132,2 миң тонна даярдалды. Элди көмүр менен камдоо үчүн район, шаарларда 149 көмүр сатуу түйүндөрү иш алып жатат. КРдин Өкмөтүнүн 2017-жылдын 16-ноябрындагы №745 токтомуна ылайык, район-шаарларда атайын комиссиялар бар. Алар жериндеги көмүрдүн бааларын көзөмөлдөп турушат. Областтын билим берүү тармагына 14 050 тонна керектүү болсо, анын 12 373 тоннасы даярдалды. Област боюнча көмүр камдоо 192 869 тоннаны түзсө, 146 795 тонна алынды.

Майрамбек АДЫЛБЕКОВ, вице-мэр:
"КЕРЕКТЕЛҮҮЧҮ 1 277 ТОННА КӨМҮРДҮ 100% ГА ДАЯРДАДЫК"

- Ушул жылдын 1-ноябрынан тарта социалдык мекемелерге жылуулук бериле баштаган. Жалал-Абад шаарында жылуулук берүүчү 17 откана иштейт. Жалпысынан 3 мектеп, 8 бала-бакча, 2 оорукана 3 административдик жана 6 коммерциялык мекеме, андан сырткары 40тан ашуун көп кабаттуу үйдү борборлоштурулган жылуулук мекемеси камсыздайт. 17 откананын ичинен 4 откана көмүр менен 6сы мазут, 3сү жаратылыш газы менен иштейт. Көмүр боюнча 1277 тонна көмүр керектеле турган болсо, аны 100% га толугу менен даярдадык. Оорукаланадын да бүгүнкү күндө көмүрлөрү жетиштүү. Бизге ҮДБнын берген маалыматы боюнча алар 15-октябрдан баштап эле жылуулук бере башташкан. Билим берүү тармагындагы бала-бакча, мектептерге көмүр даярдоо боюнча тендер июнь айында өттү. Тендер боюнча жеке ишкер Өткүрбек Аданов, "Ак жол 2000" деген эки фирма катышкан. Тендерден утуп алган фирмалар көмүр менен камсыз кылышат. Андан сырткары үй-бүлөлүк дарыгерлер тобуна дагы Айтиев деген жеке ишкер көмүрдү толук алып келип берген.

Рашид НАРЫНБАЕВ, сатуучу:
"БИР КАБЫ 160-200гө ЧЕЙИН БОЛОТ"

- Көмүрдүн бир кабы сортуна карап 160-200гө чейин болуп жатат. Биз килограммдап сата элекпиз, болгону каптап сатканга үйрөнүп калганбыз. Каптаганда кардарга да, бизге да оңой болот. Азыр Маркай, Көк-Жаңгак, Кумбелдин көмүрлөрүн сатып алып келебиз. Көмүрдүн сатылуу мезгили кар жаагандан башталат, ага чейин даярдоочулар болот. Жайында кышка салыштырмалуу көмүр арзан болот. Ар түрдүү кардарлар келет, айрымдары Көк-Жаңгактын, кээ бири Маркайдын көмүрүн алып кетишет. Көмүрдү сатып иштегениме 5-6 жылдай болуп калды. Баштагы жылдары көмүр арзан болчу, учурда бир топ баасы да кеткен чыгымына карата көбөйдү.

Шарип АЯТОВ, Барпы айыл аймагынын тургуну:
"БИР КАМАЗ КӨМҮРДҮ 15 000гe САТЫП АЛДЫМ"

- Көмүрдү Өзгөн тараптагы Өстүрүү деген жерден алабыз. Көмүрдүн сапаты жакшы, ысыкты көпкө кармап турат. Килосу 4 сомдон эсептелген көмүрдүн бир камазын 15 000 сомго сатып алдым. Көмүрдүн баасы элдин капчыгы үчүн кымбатыраак, бирок кышында үшүбөйүн десең баары бир алат экенсиң. Бир кышка 4 тонна көмүр алам, ошол жазга чейин жетет. Эми айыл жергесинде негизинен көмүр жагып үй жылытабыз, шаарда жылуулук бар дегендей. Отунду өзүбүздүн короодон эле кууураган дарактарды отун кылам. Андан сырткары уйлардын кыктарын да кургатып, жылуулук үчүн пайдаланабыз.

Талантбек ЖОРОЕВ, Кызыл-Туу айыл аймагынын тургуну,
"АЛАЙДЫН КӨМҮРҮ ДЕП САТЫШАТ, САПАТЫ НАЧАР"

- Быйыл кышка Маркайдын көмүрүн даярдадым. Бул жердин көмүрүн баары эле билсе керек. Себеби анча - мынча угушума караганда "навай" көмүр деп да атап коюшса керек. Азырынча бир тонна көмүр алдым. Кудай буйруса дагы бир тоннадай алам деп турам. Килограммы 5 сомдон болгону менен сапаты ошого дал келет. Былтыркы жылы Алайдын көмүрүн алганмын, бул жылы Маркайдын көмүрүн алууну чечтим. Себеби Алайдын көмүрү деп сатышат, бирок жакшы эмес, начар сапатта болуп калат. Биздин айылда отун жетишсиздиги байкалгандыктан Кара-Алмадан сатып алып келебиз. Бир машина отунду 5000 сомдон жогору алабыз.

Үсөн МУСУЛМАНОВ, №9 отказандын от жагуучусу:
"КҮНҮНӨ 2 ЖАРЫМ ТОННАГА ЧЕЙИН КӨМҮР ЖАГАБЫЗ"

- 1-ноябрдан баштап биз отказанды иштете баштадык. Бул отказандын жардамында музыкалык мектеп, Бишкек рестораны, ӨКМ, бала-бакча, банк жана башка имараттарга жылуулук берилет. Биз күнү-түнү ысыткандыктан бир суткада 2,500 тоннага чейин көмүр кетет. Бир чоң машине көмүр алып келишсе, анын тоннасына карап 10 тоннадан ашык болсо, 5 күнгө жетип калат. Бир отказанда 4 адам суткасына орун алмашып иштеп келебиз. Менин иштегениме 3 жыл болуп калды. Ушул убакыт ичинде жакшы иштегенге аракеттенип келем. Болушунча күчүбүздү жумшап жатабыз. Кээде көмүр начар болуп калат, кээде жакшы болуп жылуулук жакшы жетет.

Акылай КАРАБАЕВА, "Аймак"

ЖАРЫЯ

"Кредиттик Союздардын Каржы Компаниясы" ачык акционердик коомуна таандык мурда ***Ражапов Заирбек Ташиевичке*** (азыркы убакта турак жайдын укук таануучу документтери толугу менен сатуучунун наамына катталган, сатуучу "Кредиттик Союздардын Каржы Компаниясы" ААК) тиешелүү болгон Жалал-Абад областынын Базар-Коргон районунун Кеңеш айыл өкмөтүнө караштуу 1-Май участок дарегиндеги идентификациялык коду 3-02-06-1008-0578 менен катталган турак жайы сатыкка коюлат. Турак жайдын пайдалуу аянты 83,10 кв.м., жашоо аянты 59,10 кв.м., жер аянты 4653 кв.м.

Турак жайдын баланстык баасы 748 000 сом (өткөрүп алуудагы, НСП 2% жана сатыкка коюлган жарыяга берилген ж.б.у.с. чыгымдардан сырткары).

Кеңири маалымат алуу үчүн төмөндөгү көрсөтүлгөн сатуучунун телефон номерлерине байланышсаңыздар болот.

Байланыш тел.: (0312) 61-45-93, 0777-96-86-86.

СООДА-САТЫК

Ноокен районун соттук аткаруучулар кызматынын бөлүмү тарабынан карызкор ***Жантаев Ниязбек Шерматовичке*** тиешелүү болгон Ноокен районунун Кочкор-Ата шаарындагы Пролитарская көчөсүнүн д-16 дарегиндеги идентификациялык коду 3-04-04-1002-0911 менен катталган, күрөөгө коюлган турак жер аянты биринчи соода-сатыкка коюлат. Турак жайдын пайдалуу аянты 151,3 кв.м., жашоо аянты 90,3, жер аянты 175 кв.м.

Турак жайдын баштапкы баасы – 1 134 750 сом.

Соода-сатык 2019-жылдын 15-январь күнү саат 10:00дө короо-сарай (кошара) жайгашкан дарек боюнча өткөрүлөт.

Соода-сатыкка катышууну каалагандар соода-сатык болгонго чейин турак жайдын баштапкы баасынын 5% өлчөмүндө сумманы аванс катары төгүүгө милдеттүү. Соода-сатыкта утуп алган адамдын төккөн суммасы сатып алуу баасына кошулат. Соода-сатыктын калган катышуучуларына алдын-ала төлөнгөн суммалар соода-сатык аяктагандан кийин дароо кайтарылып берилет.

Тел.: (03734) 5-00-36.

Ноокен райондук САКБдын улук соттук аткаруучу: М.Тажибаев

МАЕКТЕШ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ

Кыз-Көл айыл аймагынын башчысы Автандил Кушбаков 1972-жылы Сузак районундагы Кара-Март айылында педагогдун үй-бүлөсүндө туулган. Эмгек чыйырын "Учкун" айыл чарба кооперативин жетектөө менен баштаган. "Орток" токой чарбасында токойчу, инженер, токойчулуктун башчысы болуп эмгектенген. Жаратылыш байлыгын көбөйтүүгө жана сактоого зор салымын кошкон. Тепкичтен тепкичке көтөрүлүп, бара-бара ишеним артылып, эки жолу айылдык кеңештин депутаттыгына шайланган. Элдин көптөгөн көйгөйлүү маселелерин сессияларда көтөрүп, демилге көтөргөн. Райондук, облусттук мамлекеттик администрациянын, көптөгөн министрликтердин, ведомстволордун, коомдук уюмдардын ондогон Ардак грамоталарын, төш белгилерин алууга татыган.

Жубайы Гүлназ Кутманова үй кожойкеси. Бактылуу жубайлардын беш баласы бар. Автандил Кушбаковдун Кыз-Көл айыл аймагын башкарып, эл жүгүн аркалаганына беш жыл болду.

ЦИФРАЛАР ЖАНА ФАКТЫЛАР

Кыз-Көл айыл өкмөтү батыш тарабынан Кызыл-Туу айыл өкмөтү, түндүк тарабынан Орток токой чарбасы, чыгыш тарабынан Кара-Алма айыл өкмөтү, түштүк тарабынан Көк-Арт дарыясы менен чектешет.

* * *

Райондун борборунан 40, облустун борборунан 38 чакырым алыстыкта жайгашкан. 12 айыл бар. Элеттиктер мал чарбасы жана дыйканчылык менен алектенет.

* * *

Жалпысынан 3 127 кожолук бар. Калктын саны 15 595. Жалпы аянты 23 102 гектар, анын ичинен айдоо аянты 2 493 гектар, жайыт 12 245 гектарды түзөт. Сугат аянты 248 гектар.

* * *

Кыз-Көл айыл өкмөтү деңиз деңгээлинен 1 200-1 600 метр бийиктикте жайгашкан. Аталган айыл өкмөт 1931-жылы негизделген.

* * *

Өкмөттүн аймагында 11 орто, 2 баштагыч, 8 ФАП, 2 үй-бүлөлүк дарыгер тобу, 3 балдар бакчасы, 3 китепкана, ондогон соода түйүндөрү бар.

* * *

1 119 пенсионер, 123 баатыр эне, аксакалдар соту, аксакалдар кеңеши, аялдар, жаштар комитеттери бар.

* * *

Кыз-Көл айыл өкмөтү дотацияда турган айыл өкмөттөрүнүн катарына кирет.

Афтандил КУШБАКОВ, Кыз-Көл айыл аймагынын башчысы:

"ӨНҮГҮҮНҮ ӨРКҮНДӨТҮҮ БАРДЫГЫБЫЗДЫН ПАРЗЫБЫЗ"

- Автандил мырза, кылычын суурун кыш кирип келбедиби, даярдык кандай болду?

- Тоолуу аймактарга кар жааганы менен азырынча күздүн илеби аздыр-көптүр сезилип тургансыйт. Чын айтканда, кышка карата даярдык жаман болгон жок. Көмүрдүн кымбаттыгына карабай бардык мектептерди, бала бакчаларды, ФАПтарды көмүр, отун менен камсыздадык. Бизде көбүнчө көмүрдү пайдаланышат. Электр энергиясынан да пайдалангандар бар. Бара-бара баалар асмандап, бир килограмм көмүр 6-7 сомго жетти. Жогорку Кеңештин сессиясында, өкмөттө деле бул жөнүндө айтылганы менен сөз сөз боюнча калып жаткандыгы көпчүлүктүн наразычылыгын пайда кылууда. Бизге да пенсионерлер, баатыр энелер, жакыр жашагандар көп кайрылышат. Жооп бере албай шайыбыз оойт. Балким эл менен бийликтин ортосундагы билинер-билинбес ишенбөөчүлүк да ушундан болуп жаткандыр деп ойлойм.

- Убада берүү, элди алдоо өнөкөткө айланып баратабы? Сиздин көз карашыңыз?

- Андай учурлар жок деп айта албайм. Элди алдай албайсың. Азыр элдин коомго жана турмушка болгон көз карашы да, ой жүгүртүүсү да тереңдеген. Атам ыраматылык бул тууралуу да көп айтчу. Айткандары азыр да эсимде. Чынында "Шибегени капка ката албайсың" демекчи чындыктан, акыйкаттан эч убакта буйтап кете албайсың.

- Региондорду өнүктүрүү жылы да сапарын карытып, жаңы жылга да саналуу күндөр калды. Быйылкы жылда өсүү-өнүгүү, өзгөрүү болдубу?

- Болду деп ишенимдүү айта алам. Социалдык-экономикалык маселелер канчалык деңгээлде чечилсе, элдин жашоо турмушу ошончолук жакшырат. Бул аксиома он айдын жыйынтыгы менен 5,5 миллиондон ашуун киреше алдык. Бул өткөн жылдагыга салыштырганда жогору. Киреше жер салыгынан, ижарадан түшөт. Быйылкы жылы Бай-Маале айылында К.Бакиев атындагы мектептин филиалы, "Маалымат" борбору, Кара-Март айылында ФАП курулуп пайдаланууга берилди. Бул бардык проблемаларды чечип койдук деп көкүрөк каккандык, мактангандык эмес. Калктын 90%дан ашыгы таза суу менен камсыз болгон. Кадудан Кыз-Көлгө чейин суу түтүктөрүн тартуу жаңыдан башталды. Жолдорубуз заманбап эмес. Аны моюнга алабыз. Союз мезгилинде асфальт төшөлгөн жолдорубуз оңдолбогондуктан керектен чыкчудай абалда. Айтор учурда ой жеткен менен кол жетпей жатпайбы. Көйгөйлөрдү айтсаң түгөнчүдөй эмес.

- Бул жагы түшүнүктүү. Ал эми келерки жылда өзгөрүү, өсүү, алга жылуу болобу?

- Албетте болот. Бизде болгону үч балдар бакчасы бар. Келерки жылы Кашка-Терек айылында 75 орундуу балдар бакчасын курууну пландаштырып жатабыз. Кара-Булак айылына заманбап спорт зал курсакпы деген оюбуз бар. Аймагыбызда спортко кызыккан жаштарыбыз көп. Алардын такай машыгуусу үчүн азырынча шарт жок. Эскилиги жеткен, оңдоону талап кылган мектептерибиз бар. Айылдык кеңештин депутаттары келерки жылга бюджетти бекитишти. Жалпысынан 15 млн. 203 миң сомду камтыйт. Анын ичинен 8 миллиону республикалык бюджеттен, 7 млн. 203 миң сому жергиликтүү бюджеттен. Бул чындыгында жетишсиз. Кол куушуруп олтура берсек да болбойт, инвестиция тартууну колго алабыз. Ар кандай долбоорлорду иштеп чыгып, аймагыбыздагы ишкерлерди, фермерлерди колдон келишинче колдойбуз.

- Жакырчылык биротоло жоюлду деп ишенимдүү айта аласызбы?

- Жок. Бизде жакыр жашагандар жок эмес. Так айтканда 606 үй-бүлө. Калктын 19,38%ын түзөт. Карандай пенсиянын, жөлөк пулдун көзүн карагандар арбын. Жер үлүштөрүн иштете албай ижарага беришкендер да жок эмес. Агрардык реформаны өнүктүрөбүз деп канчалык какшаганыбыз менен сөз сөз боюнча калып жаткандыгы мени аябай өкүндүрөт.

- Эми кадр маселеси боюнча көз карашыңызды билсек?

- Кадр бардыгын чечет деп келбедикпи, көптөгөн жылдар бою эгемендүүлүк алгандан, демократиялык коомдо жашагандан бери компетенттүү, профессионал кадрларга жетишпей жатпайбызбы. Бул бир гана бизде эле эмес республикабыздын бардык эле аймактарында өкүм сүргөнү да жашыруун эмес. Кадрдын жетишсиздигинен улам мектептерде, башка тармактарда пенсионерлер иштеп жатышат. Мында миграциянын да таасири зор болгондугун моюнга алышыбыз абзел.

Аппаратта 28 кызматкер эмгектенишет. Айлык акылары орточо 5,5-6,5 миң сомду түзөт. Бул бакубат жашоого жетеби? Бизге көбүнчө пенсионерлер, жакыр жашагандар кайрылышат. Көпчүлүгү пенсияны көбөйтүп бергиле дешет. Ага биздин компетенциябыз жетпейт да. Кантсе да майыптарга, жакыр жашагандарга жылына 350 миң сомдун тегерегинде жардам беребиз. Жогоруда айтканымдай, бизде да эсепчи, соцтармак боюнча адистер жетишпейт. Бул боюнча сынак деле жарыялап жатабыз. Тилекке каршы азырынча натыйжа болбой жатат.

- Сизге акыркы суроо. Жоопкерчиликтен жондон өтүп кетпейсизби?

- Жок. Мен түшүнүп турам. Жоопкерчиликти сезбеген жетекчиден жакшылык күтүүгө болбойт. Жетекчинин жүзүн көрсөтө турган касиеттердин бири. Эгер мен сиз айткандай жоопкерчиликтен жондоп

өтүп кетсем, мага ишеним болбой калбайбы? Албетте мен буга адамгерчилик, акыл эстүүлүк менен мамиле жасоого тийишмин.

- Мэгиңиз үчүн чоң ыракмат. Мүдөөңүздөр ишке ашып, маанайыңыздар жаркый берсин!

Маектешкен: Рысбай ЖУМАБЕКОВ, "Аймак"

ЧАТКАЛДЫН ЧАТАГЫ: "ЭТИ БАКЫР" ИШИН ТОКТОТТУ

Чаткал районунун Терек-Сай айылындагы алтын өндүргөн "Эти Бакыр Терексай" ЖЧКтын иши 6-декабрда убактылуу токтотулду. Бул тууралуу "Кыргызалтын" ишканасынан кабарлашты.

Компаниянын башкы директору **Махин Тездджан** окуяга төмөнкүдөй комментарий берген. Ал жергиликтүү тургундар милиция тарабынан кармалган жарандарды бошотууну талап кылып митингге чыкканын белгиледи.

"Узак жылдар бою "Эти Бакыр Терексай" ЖЧКтын лицензияланган аянтынан сурьма кенин мыйзамсыз түрдө казып алып жүргөн адамдардын тобу учурдан пайдаланып компаниянын жумушчуларын ишке чыкпоого үгүттөгөн. Бүгүнкү күндө түзүлгөн чагымдын айынан "Эти Бакыр Терексайдын" жумушчулары иш таштады",- деди директор.

Учурдагы кыйын кырдаалга байланыштуу тоо-кен шахталык техникалардын жана жабдуулардын жарактан чыгып калбашы үчүн компания өзүнүн өндүрүштүк ишмердигин убактылуу токтотууга жана белгисиз мөөнөткө консервация кылууга мажбур болду.

Эске салсак, "Эти Бакыр Терексай" ишканасын кайтарып турган атайын даярдыктагы отряддын өкүлдөрү 5-ноябрда малын айдап келүүгө барган кишини сабап салышканы айтылган. Ачууланган айылдыктар чогулуп барып жаңжалдашкан. Кийин бир нече адам чогулуп барып тартип сакчыларын ур-токмокко алган. Анын экөө башынан жараат алып, бирөөнүн буту сынган. Арадан 27 күн өткөндөн кийин милиция кызматкерлери окуяга катышкан 15 кишини кармап кеткен. Буга наразы болгон ата-энелер жана балдардын айылдаштары аларды бошотууну талап кылып митингге чыгышкан. Бул окуя боюнча "бейбаштык" жана "бийлик өкүлүнө карата күч колдонуу" беренелери менен кылмыш иши козголуп, 15 адам кармалган. 4-декабрда Жалал-Абад облустук соту алардын алтоону эки айга, тогузун бир айга камакка алуу чечимин чыгарган. Кармалган балдардын адвокаты **Каныбек Өскөнөв** төмөндөгүлөрдү билдирди.

- Окуянын башы Нурлан Сманов өзүнүн жылкыларын издеп жүргөндөн башталат. Аны көргөн атайын багыттагы полктун балдары Нурланды жөн өткөрбөй, уруп коюшат. Ал чырды бир аял көрүп калып, милицияга чалат. Аны билген элдер топтолуп кызматкерлерди окуянын чоо жайын айтып берүүгө чакырганда барбай коюшат. Натыйжада Терек-Сайдан 15 бала "Эти Бакырга" келип, кызматкерлерди элдин астына алып баруу аракетин көрүшөт. Тилекке каршы ал жерде спецназдар айылдыктарды сөгүп жиберишкен. Андан улам чыр чыгып, мушташ болуп кеткен. Натыйжада 3 милиция кызматкери жабыркаганын айтып, ооруканага жатышкан. Бирок айыпталып жаткан балдар өздөрүнүн айыбы жок экенин, буту сынган кызматкерлер жардан секирип жиберишкенин айтышууда. Эми муну канчалык деңгээлде туура чечет иштин баары сотто калды.

Мындагы окуя боюнча саясий талдоочу **Самидин Стамбеков** окуяны бир тараптуу кароо мүмкүн эместигин айтат.

- Бул жерде бир эле Чаткалда эмес бүтүн Кыргызстандагы кен казуу тоо-кен өнөр жайындагы туура эмес жүргүзүлүп жаткан иштердин натыйжасы болуп жатат. Ушундай эле жаңжал Тогуз-Тородо да болгон. Мурун баары мамлекетибизде тоо-кен өндүрүшүнүн саясатын жакшы жүргүзө албай жатканын көрсөтөт. Терек-Сайдагы болуп жаткан иштерден жыйынтык чыгарыш керек. Бул жерде эки окуя болуп жатат. Биринчиси, жанагы жылкысына бараткан баланы милициялар сабап койгон, анан милицияларды жергиликтүү эл сабаган. Мамлекетте тынчтык, адилеттүүлүк болсун десе, бул окуя эки бөлөк териштирилиш керек. Тиги баланы сабап койгондор да жоопкерчиликке тартылышы зарыл. Эгер мыйзам боюнча караса ушундай. Экинчи дагы бир жолу болушу мүмкүн, бул түрк компания тарап менен жергиликтүү эл өз ара бир пикирге келишип, бири-бирибизге дообуз жок десе ошондо да жоопкерчиликтен кутулбайт, бирок жеңилирээк болушу мүмкүн. Жалпы эле элибизге айтарым мыйзамды сакташ керек. Билеги күчтүү заман өткөн, эгер баланы сабап койгон болсо, ошол баланын кандай жарат алгандыгы боюнча ооруканадан справка алыш керек болчу.

Тиешелүү документтерди даярдап, "мына кызматкерлериңер мындай иш кылды" деп укук коргоо органдарына кайрылыш керек,. Булар ошондо чечим чыгарбай жатса, анан пикет, митинг ж.б. жол менен реакция жасаса болот. Анан булардын күч колдонуп жибергени туура эмес болуп жатат.

Дагы бир мамлекеттин деңгээлинде чечиле турган маселе терексайлыктардын жайыт маселесин чечип бериш керек. Байыркы замандан бери малын жайып жүрсө, анан бир күнү эле келип тосуп алса, алар малын каякка багышат. Баланы сурмага баратты дешүүдө, сурмага жалгыз өзү бармак беле, жок дегенде 4-5 адам менен барат да.

Терек-Сайда теңсиздикти жаратты деген окуя боюнча Жогорку Кеңеште да маселе көтөрүлүп, анда

Эл өкүлү **Эмил Токтошев** Чаткалдагы абалды убагында жөнгө салбаган бийлик өкүлдөрүн сындады.

- Бул кырдаалдын келип чыгышына айыл өкмөт, аким жана облустагы өкмөттүн өкүлү күнөөлүү. Алардын эл менен тыгыз иштебегенинен улам ушундай болду. Бул бир эле Чаткалда эмес Тогуз-Тородо, Кадамжайда да болуп жатат. Элди ызы-чуу кылып таштап коюп, өзүңөр жылуу жерде отурасыңар. Биз эл менен барып сүйлөшпөсөк, колуңардан эч нерсе келбейт экен. Силер бизди жаман көрсөтүп жатасыңар. Мына премьер-министр өзү да барган жок. Ал эл менен жолукканда маселе чечилмек. Тогуз-Торого да барган эмес.

Депутат **Рыскелди Момбеков** болсо Ички иштер министрлигинин жергиликтүү элге карата кескин чараларын сындады:

- Мындай фактылар катталган болсо, бул чарбалык жумуш. Алар сотко барып чечишип алсын. Ал жерге ошол аймакты тескеген милиция кызматкери барсын. Ал эми өзгөчө даярдыктагы "Шумкар" тобунун Терек-Сайга барганы - бул кылмыш. Айылдын элин коркутуп эмне үчүн курал менен кирет? Ошондуктан элдин жини келип жатат. Алар же террорист болбосо, тентектик кылганы үчүн эле 15 кишини камап салдыңар. Сарууда, Жерүйдө, Кумтөрдө да ушундай кылгансыңар. Силер инвесторду коргоп жатасыңарбы же мамлекеттин кызыкчылыгын коргоп жатасыңарбы?

Ал эми "Азаттыкка" жергиликтүү тургундардын бири **Нургазы Шырдаков** "Эти Бакыр Терексай" жергиликтүүлөргө сурманы өзү каздырдып жатканын билдирген:

- Компания өзү кезметте отурган, дагы башка кызматкерлерди "ишиң жок бош отурасың" деп кыйнап сурма каздырып жатат. Болбосо фирмага эч ким тийишмек эмес. Алар айылдыктарга зыяндуу ташты колу менен чактырып, сурма казууга жол берген. Бул жерде компаниянын алтын казганга эле уруксаты барбы же сурма казганга да уруксат алганбы деген да суроо турат.

Ошондой эле "Эти Бакыр Терексай" компаниясынын директорунун орун басары **Бусурманкул Субанов** сурма казуу тууралуу төмөндөгүчө маалымат берген:

- Буга чейин ал жерде мыйзамсыз кен казылып келген. Азыр алар биздин ишке жолтоо болбошу керек. Эч кандай салыгы жок, мыйзамсыз эле канча деген сурма казылып, айрым адамдар аркылуу Кытайга сатылып жатат. Ал эми "Эти Бакыр Терексай" кенди мамлекетке 20 млн. доллар төлөп сатып алган. Алар сатылып алынган кенден мыйзамсыз кен казып атышат. Бул жерде кимдин укугу тебеленди?

ЖК депутаттары менчик компания иштетип жаткан жерди "Шумкар" атайын багытындагы полктун кызматкерлеринин кайтарып жатканы канчалык мыйзамдуу деген суроо коюшту.

Ички иштер министрлиги муну аларга түшкөн арыз-даттануулар менен байланыштырып, министрликтин ички иликтөө кызматы аны териштире турганын убада кылды. Ал арада облустук ички иштер башкармалыгынын

башчысы **Кылыч Жолдошов** Чаткалда акыркы кырдаал туруктуу экенин, аны милиция көзөмөлдөп жатканын жана 16 жаран убактылуу кармоочу жайда олтурганын, жараат алгандар ооруканада экенин билдирди.

Терек-Сай айылынын 200дөй тургуну 3-декабрда айылдын борборуна чогулуп кармалгандарды бошотууну, аталган ишкананын ишин токтотууну талап кылышкан. Милиция учурда айылда абал туруктуу экенин билдирди.

Түркиялык "Эти Бакыр" компаниясы 2015-жылы Терек-Сайдагы кенди иштетүү боюнча сынакка катышып, кенди 20 млн. долларга сатып алган. Аталган ишканада "Кыргызалтындын" 25 пайызы акциясы бар. Компанияда 350гө жакын адам иштейт. Анын ичинен 96 пайызы жергиликтүү жашоочулар. Компания 2016-жылдан бери бюджетке 750 млн. сомдон ашык салык төккөн.

Терек-Сай айылынын он беш жашоочусунун бөгөт чарасы аныкталып, алардын алтоо эки айга, тогузу бир айга камакка алынды. Милиция аймакта коомдук саясий абал тынч дегени менен активисттер менен айрым саясатчылар бийликти элге карата күч колдонбоого чакырууда.

Санрабия САТЫБАЛДИЕВА,
Бүбүсара ОРОЗАЛИЕВА,
"Аймак"

АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫ ТУРМУШТУН УҢГУСУНАН АЛЫНГАН

"Мен билген Айтматов" сынагына Жалал-Абад шаарынын тургуну Жолдошбай Осмоновдон келген аңгемени сунуш кылабыз.

" - Амансыңбы, куттуу талаам?

- Аманчылык. Келдиңби, Толгонай? Былтыркыдан дагы карый түшүпсүң го. Чачың куудай, колуңда таяк.

- Өмүр өтүп бара жатпайбы, Жер-Энем, арадан дагы бир жыл өттү. Бүгүн менин сыйынуу күнүм.

- Билем. Келериңди күтүп жаткам, Толгонай. Бул жолу сен баланы да ээрчите келмек эмес белең?

- Ооба. Бирок бул сапар да жалгыз келдим.

- Демек, сен ага әчтеке айткан эмес экенсиң да, Толгонай.

- Жок, айталбадым.

- Айтор, эртеби-кечпи, акыры бир күнү ал угат да, Толгонай. Элдин арасында оозу бош бирөө-жарым жок дейсиңби?"

Ч. Айтматов. "Саманчынын жолу" повестинен.

Чыңгыз Айтматовдун балалык өспүрүм чагынын Улуу Ата Мекендик согуш мезгилине дал келиши анын чыгармачылыгына өзгөчө олуттуу таасир тийгизгендиги талашсыз. Али бел сөөгү ката элек он үч, он төрт жаштагы Чыңгыз согуштун апаатын, анын катаал азабы менен оор мүшкүлүн, ордү толгус жоготууларын өз жон териси менен сезбедиби. Айылдык кеңештин катчысы катары жаштайынан чоң жоопкерчиликти өз мойнуна алып, элибиздин азап-тозогун, кайгы-капасын тең бөлүштү. Почточу менен бирге айылдарга кара кагаздарды таратып, жесирлер менен балдардын, чал-кемпирлердин көз жаштары менен ый-өкүрүктөрү канча ирет анын зээнин кейитип, заманасын кууруткандыр. Бирок ушунун баары, ошол капсаландуу согуш апаатты менен азабы анын кайталангыс чыгармаларына негиз болуп, көркөм сөздүн улуу кудурети менен ааламга тарап кетпедиби.

Чыңгыз Айтматовдун "Саманчынын жолу" повестин алгач окуганымда мага жазуучу биздин эле айылдын турмушун көркөм тилде чагылдыргандай туюлган. Жазуучунун даанышмандыгы жана улуулугу согуштун кесепетинен Толгонайдын жеке башына түшкөн оор трагедияны Толгонай менен Жер-Эненин диалогу аркылуу окуялардагы чиелештирип, байланыштырып бергендигинде. Мунун өзү Айтматовдун чыгармачылыгындагы улуу бурулуш, жаңылык, новатордук болду.

Элибиздин башына караан түн түшүп, Улуу Ата Мекендик согуштун алааматынан жер солкулдап турганда Толгонай күйөөсү Субанкулдан, жан канынан бүткөн уулдары Касым, Майсалбек, Жайнак жана келини Алимандан ажырап, куудай башы менен калгандыгы Чыңгыз Айтматовдун калеми менен жогорку көркөмдүктө жана чеберчиликте чагылдырылган. Айтматовдун улуулугу согуш мезгилиндеги накта турмуш чындыгын, элибиздин каармандыгын турмуштун өзүндөй таасын бергендигинде болуп жатпайбы.

Ошол согуш жылдары Базар-Коргон районундун тоо койнундагы Жедигер айылында болгону 40тай түтүн эл жашаган. Айылыбызда "өзүбүздүн Толгонайыбыз" аталган Майра Султанова деген энебиз күйөөсү менен эки уулун согушка аттантып, үчөө тең чоң казаттан кайтпай калган. Кичинекей эки кызы менен калган Майра эне кайгырып, мүңкүрөп, чөгүп отуруп калбастан кайра чыйралды, кайратынан жазбады. Ооруктагылардын катарында "Бардыгы фронт үчүн, бардыгы Жеңиш үчүн!" деген ураан алдында Ворошилов колхозунда бригадир болуп иштеди. Кайратман эмгеги менен душмандан өзөк өчүн, кеткис кегин алды. Улуу Жеңишке эл менен бирге өз салымын кошту.

Социалисттик Эмгектин Баатырлары - жазуучу Чыңгыз Айтматов, пахтакер Өлмөскан Атабекова

"Саманчынын жолу" жана "Бетме-бет" повесттериндегидей "өзүбүздүн Жекшенкул менен Ысмайылыбыз" да чыгып, Керимкул (атын өзгөртүп койдум, жер жамандап барбасын) деген жердешибиз эли-жерин душмандан коргоонун ордуна, кара башын калкалап, качкын-дезертир аталды. "Мураттын тамы" аталган жаңгагы жыш жана калың өскөн чытырман аралаш токойдо өзү казган жер үңкүрдө беш жыл жашынып, бүлкүлдөп бөгүп жатты.

Бала чагыбызда качкын-дезертирдин үңкүрүн сонун карап, жаңгак тергени же кой бакканы барганда ал үңкүргө далай ирет сойлоп кирип-чыгып ойноп жүрдүк. Кийин ал үңкүр 1970-жылдары биротоло урап түшүп калды.

Керимкулдун бир тууган агасы Алымкул согуштан кайтып келгенден кийин качкын-дезертир инисин сай-сөөгүнө, чучугуна жеткире жемелеп тилдеп, ал түгүл эси-көөнүнөн кеткис кылып, көк чаначты ийлегендей сабады. Аскер комиссариатына өзү алып барып тапшырды. "Качкын-дезертир" Керимкул мекен алдындагы өмүр бою жуулгус жана эч качан кеткис так болуп калган айыбын Көк-Жаңгак шаарында согуштун кылмышкерлери жана чыккынчылары катарында көмүр шахтасында 10 жыл иштөө менен актагандай болгонсуду.

Жер үңкүрдөгү беш жылдык жашоосунун "пайдасы" болдубу же чындап эле элдин каргышы урдубу же жесирлер менен жетимдердин көз жаштары менен ыйларынын кесири тийдиби, же көмүр шахтасындагы оор жумуштан уламбы, айтор өмүрүнүн соңку жылдары эки көзү тең көрбөй, сокур болуп калды. Согушка барып кайткан курбалдаштары менен бир дасторкондун четинде отура албай, аштойлорго бара албай, жалгыз макоо катары журттан биротоло бөлүнүп, сүрүлүп, элге батпай четтеп калды. Өмүр бою өзүн-өзү жемелеп, жашоосунда чүнчүп жүрүп өттү. Турмушта, бул жашоодо адам баласы үчүн мындан өткөн азап, мындан өткөн кордук, мындан өткөн кайгы, мындан өткөн тозоктуу катуу жаза болбосо керек. Элден, калктын пейилинен миң айланса жарашат, чакан айылыбыздын эли, согушка барган аталарыбыз аны кечирди. Бирок абийири аны өлөр-өлгүчө кыйнап эзип, сыздатып келди. "Ушундан көрө согушка кетип, өлүп калсам болмок экен!" деп зар какшап, боздоп ыйлаганын айылыбызда көргөндөр жана уккандар болуптур.

Чыңгыз Айтматовдун "Саманчынын жолу" повестин окуган сайын көз алдыма эмгеги менен эл оозуна алынган энелерибиз: Социалисттик Эмгектин Баатырлары Керимбүбү Шопокова, Зууракан Кайназарова, Өлмаскан Атабекова, Анакыз Жумабаева, Саадат Ногоева, белгилүү чабан Телегей энелерим көз алдыма тартыла берет. Булар Толгонайдын үрөйлөрү эмей кимдер?!

Көрсө, Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары кайнаган турмуш чындыгынан, жашоонун уюткусунан алынгандыгы менен дагы өтө баалуу окшобойбу. Саресеп салып байкап көрсөк, Кыргызстандын ар бир айылында "өзүнүн Толгонайы", "өзүнүн Дүйшөнү" бар экендиги кашкайган чындык.

"Биринчи мугалимдеги" Дүйшөн биздин айылыбызда дагы болгон. Кыргыз-Каба айылында раматылык, Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу, өзүбүздүн "биринчи мугалимибиз" болгон Давид Азимкулов мугалимдиктен согушка аттанып, кан майдандан Улуу Жеңиш менен кайткандан кийин Жалал-Абад шаарындагы А.Пушкин атындагы педагогикалык окуу жайын бүтүрдү. "Катар-Жаңгак" сегиз жылдык мектебинде өмүр бою башталгыч класстардын мугалими болуп эмгектенди. Жүздөгөн жаш муундарга арип таанытып, билимге жол ачып, татыктуу таалим-тарбия берди.

Сузак районунда көп жылдар бою Октябрь винсовхозун жетектеген, партиялык, советтик жана чарбалык иштерде актив болуп иштеген **Бекболот Ибрагимов** агамдын бир ирет айтканы такыр эсимден чыкпайт, көкүрөгүмдөн кетпейт.

- 2012-жылы Кытай Эл Республикасынын кыргыздар жашаган Кызыл-Суу автономиялуу областына Кыргыз Республикасынын Эл артисти Керим Турапов баштаган топтун курамында барып калдым. Кытайда жашаган боордошторубуздун Чыңгыз Айтматовду ушунчалык барктап кадырлашкандарына аябай таң калдым жана аларга ичимден терең ыраазы болдум. Айтматовдун чыгармаларын окубаган кыргыз аякта кем экен. Кызыл-Суулук сексенден өтүп калган Касымбай деген аксакал боордош атабыз көз жашын көлдөтүп:

- Чыңгыздын бутуна сайылган тикенек биздин көзүбүзгө сайылса экен,- деп ага узун өмүр тилээр элек. Шум ажалга айла жок экен, бизди зарлатып-какшатып туруп Манасыбыздан кийинки бизге аскар-тоо, арка-бел болгон Чыңгыздай кыраан шумкарыбызды колубуздан жулуп кетпедиби?!, - дегенде баарыбыз тегиз көзүбүзгө жаш алганбыз, - деди **Бекболот Ибрагимов.**

Руханий дүйнөнүн керемети жана касиети да ушунда, туура!

"Бүгүн менин сыйынуу күнүм, бүгүн мен Субанкулду, Касымды, Майсалбекти, Жайнакты, Алиманды эстеген күнүм. Мен аларды өлөр-өлгөнчө унутпаймын.

Кезеги келгенде Жанболотко түшүндүрүп айтып берем. Эси болсо түшүнөөр, эси болсо кечирээр бизди... Ал эми башкаларчы, күн астында жашаган бардык адамзатка айтар сөзүм, айтар кебим бар. Аны кантип айтам, кантип ар бир кишисине жеткирем?

Э-э, асманда жаркыраган күн, жер кыдырып сен айткын!

Ээ, сапар баскан булут, нөшөрлөнө төгүлүп, ар бир тамчың менен сен айткын!

Жер, дүнүйөнүн бардык булуң-бурчунда адам баласын баккан жер, сен, сен, айткын, жан-боордош Жер!

Жок, Толгонай, сен айткын. Сен – Адамсың. Сен баарыбыздан бийик, баарыбыздын улуу жаралган жансың, сен айткын, сен – Адамсың!..

* * *

- Кеттиңби, Толгонай.

- Кеттим. Кош, аман бол. Өлбөсөм, дагы келермин.

Ч. Айтматов. "Саманчынын жолу" повестинен.

Жолдошбай ОСМОНОВ, Жалал-Абад шаарынын тургуну

СЫНАК

Базар-Коргон районунун Могол айыл өкмөтү административдик муниципалдык кызматтын бош орунун ээлөө боюнча СЫНАК ЖАРЫЯЛАЙТ

1. Адис (иш жүргүзүүчү):
Талап кылынуучу документтер:
- Өздүк арызы;
- Кадрларды каттоого алуу барагы (4х6)сүрөтү менен;
- Таржымалы (резюмеси), паспорт же өздүгүн тастыктаган документ;
- Билими тууралуу документтин көчүрмөсү (нотариустан же иштеген жеринен тастыкталган);
- Эмгек китепчесинин көчүрмөсү (нотариустан же иштеген жеринен тастыкталган);
- Өмүр баяны (соттуулугу жөнүндө маалыматты көрсөтүү менен).

Сынакка катышуу үчүн документтер Могол айыл өкмөтүнө төмөнкү дарекке тапшырылат: **Базар-Коргон району, Ооган-Талаа айылы, Н.Укубаев көчөсү №16.**

Байланыш телефону: (03736) 6-00-26, 0773-919-185.

Сынакка документтерди тапшыруу жарыяланган күндөн баштап 10 жумушчу күндүн ичинде кабыл алынат.

Толук маалымат менен **www.mkk.gov.kg** сайтынан таанышсаңыздар болот.

ИЖАРАГА БЕРИЛЕТ

Окуу же медициналык борбор үчүн турак эмес жай ижарага берилет. Аянты 500 кв.м., 35 сотых. Шаардык оорукана тарапта, трансформатор 2 линиясы менен.

Сиздин бизнеске ылайык ремонт жасап беребиз.

Байланыш телефону/ ватсапп: 0559 08 88 85.

● СООДА-САТЫК

Ноокен районунун соттук аткаруучулар кызмат бөлүмү тарабынан карызкор ***Юсупов Кумарбек Маразыковичтен*** өндүрүп алуучу банк "Бай-Түшүм" ЖАКтын пайдасына 1 521 781сомду өндүрүүнү күрөөгө коюлган мүлктөрүнө буруу жолу менен өндүрүү жөнүндөгү аткаруу барагы боюнча Ноокен райондук соттук аткаруучулар кызматынын бөлүмү тарабынан:

1. ***Юсупов Кумарбек Маразыковичке*** тиешелүү болгон Жалал-Абад областынын Ноокен районундагы Масы айылынын К.Султанов 7 көчөсүндө жайгашкан, жалпы пайдалануу аянты-47,30 кв.м., жашоо аянты-20,50 кв.м., жер участогунун аянты-3000,0 кв.м. болгон турак жайы биринчи жолу ачык соода-сатыкка коюлат. **Баштапкы баасы 900 000 (тогуз жүз миң) сом.**

2. ***Юсупов Кумарбек Маразыковичке*** тиешелүү болгон Жалал-Абад областынын Ноокен районундагы Масы айылынын Бөкөнбаев 39 көчөсүндө жайгашкан, жалпы пайдалануу аянты-82,2 кв.м., жашоо аянты-45,1 кв.м., жер участогунун аянты-800,0 кв.м. болгон турак жайы биринчи жолу ачык соода-сатыкка коюлат. **Баштапкы баасы 900 000 (тогуз жүз миң) сом.**

Соода-сатык 2019-жылдын 15-январь күнү саат 10:00до жана 11:30да турак жайлар жайгашкан дарек боюнча өткөрүлөт. Соода-сатыкка катышууну каалагандар соода-сатык болгонго чейин турак жайдын баштапкы баасынын 5% өлчөмүндө сумманы аванс катары төгүүгө милдеттүү. Соода-сатыкта утуп алган адамдын төккөн суммасы сатып алуу баасына кошулат. Соода-сатыктын калган катышуучуларына алдын-ала төлөнгөн суммалар соода-сатык аяктагандан кийин дароо кайтарылып берилет.

Тел.: (03734) 5-00-36, (0778) 34-61-68.

Ноокен райондук САКБдын сот аткаруучусу: Уметалиева Ч.М.

ПССИ Сузакского района (организатор торгов) объявляет аукцион по реализации недвижимого имущества: Жилой дом общей полезной площадью 107,74 кв.м., жилой площадью 77,29 кв.м., с земельным участком мерою-1594,0 кв.м., по адресу: Жалал-Абадская обл., Сузакский район, с. Октябрьское, ул. Панфилов принадлежащего на праве собственности ***Кулмамбетову Жыргалбек Садирдиновичу.***

Стартовая цена составляет – 840 000 сомов.

Торги состоится по месту нахождение недвижимых имуществ, в 10:00 часов 14 января 2019 года. Желающие участвовать на торги обязаны внести гарантийный вснос в размере 5 % от стартовой стоимости за один день до начала торгов на депозитный счет ПССИ Сузакского района БИК 129030 счет 1290304132510064. Выигравшим торгов, признается лицо предложивший высокую цену. Участник выигравшим торги должен не позднее 5-дней после проведении торги внести полностью сумму, за которую им куплено имущества с зачетов сумму внесенной им перед началом торгов.

За справками обращается в ПССИ Сузакского района по тел.: (03748) 5-01-34.

Судебный исполнитель ПССИ Сузакского района: Осмонов Ж.С.

ПССИ Сузакского района (организатор торгов) объявляет аукцион по реализации недвижимого имущества: Жилой дом общей полезной площадью 159,70 кв.м., жилой площадью 112,80 кв.м., с земельным участком мерою-2241,40 кв.м., по адресу: Жалал-Абадская обл., Сузакский район, с. Октябрьское, ул. Ленина 39 принадлежащего на праве собственности ***Кулмамбетову Садирдину Насырынбековичу.***

Стартовая цена составляет – 600 000 сомов.

Торги состоится по месту нахождение недвижимых имуществ, в 10:00 часов 14 января 2019 года. Желающие участвовать на торги обязаны внести гарантийный вснос в размере 5 % от стартовой стоимости за один день до начала торгов на депозитный счет ПССИ Сузакского района БИК 129030 счет 1290304132510064. Выигравшим торгов, признается лицо предложивший высокую цену. Участник выигравшим торги должен не позднее 5-дней после проведении торги внести полностью сумму, за которую им куплено имущества с зачетов сумму внесенной им перед началом торгов.

За справками обращается в ПССИ Сузакского района по тел. (03748) 5-01-34.

Судебный исполнитель ПССИ Сузакского района: Осмонов Ж.С.

ПССИ Чаткальского района объявляет первичные публичные торги по реализации недвижимого заложенного имущества:

1. Жилой дом по адресу: Жалал-Абадская область, Чаткальский район, с. Каныш-Кыя, общей полезной площадью – 93,61кв.м., жилой площадью – 59,16 кв.м., земельный участок мерою – 852,00 кв.м. принадлежащий залогодателю ***Иманалиеву Канатбек Нурбаевичу*** на основании Постановления №87с/у Каныш-Кыя от 20.06.2003 г., гос.акт серии Ч№108830 от 21.06.2003 г., идентификационный код № 3-09-01-1001-0080. **Начальная стартовая цена 875 000 (восемьсот семьдесят пять тысяч) сом.**

2. Жилой дом по адресу: Жалал-Абадская область, Чаткальский район, с. Каныш-Кыя, общей полезной площадью – 42,20 кв.м., жилой площадью – 32,30 кв.м., земельный участок мерою – 1 500,0 кв.м. принадлежащий залогодателю ***Иманалиеву Канатбек Нурбаевичу*** на основании Постановления №2047 с/у Каныш-Кыя от 03.04.2008 г., гос.акт серии Ч№205480 от 20.04.2011 г., идентификационный код № 3-09-01-1001-0808. **Начальная стартовая цена 275 000 (двести семьдесят пять тысяч) сом.**

3. Торговая точка магазин по адресу: Жалал-Абадская область, Чаткальский район, с. Каныш-Кыя, общей полезной площадью – 31,64 кв.м., торговой площадью – 21,0 кв.м., земельный участок мерою – 45,0 кв.м. принадлежащий залогодателю ***Иманалиеву Канатбек Нурбаевичу*** на основании Постановления №1189 с/у Каныш-Кыя от 28.12.2006 г., гос. акт серии Ч№218322 от 14.09.2009 г., идентификационный код № 3-09-01-1001-0800. **Начальная стартовая цена 300 000 (триста тысяч) сом.**

4. Жилой дом по адресу: Жалал-Абадская область, Чаткальский район, с. Каныш-Кыя, общей полезной площадью – 100,87 кв.м., жилой площадью – 77,49 кв.м., земельный участок мерою – 2295,00 кв.м. принадлежащий залогодателю ***Нурбаевой Бубраим*** на основании свидетельства о праве собственности №1-470 от 17.05.2013 года свидетельство о праве на наследства по закону №1-471 от 17.05.2013 года, гос акт о праве индивидуальной собственности на земельный участок Ч № 440417 от 20.05.2013 года. Идентификационный код № 3-09-01-1001-0387 в сумме 720 000 (семьсот двадцать тысяч) сом, на основании договор залога заключенного между сторонами от 21 января 2016 года за №1-21, и договора залога от 02 июня 2015 года за №1з-344. **Начальная стартовая цена 720 000 (семьсот двадцать тысяч) сом.**

Торги состоятся в 11:00, 11.30, 13.00, 13.30 часов 14 января 2019 года, по месту нахождения имущества.

Желающие принять участие на торгах до начала торгов обязаны внести гарантийный взнос 5% от стартовой цены на депозитный счет ПССИ Чаткальского района в «РСК Банк». Участник выигравший торги, должен в течении семьи дней после торгов внести сумму (покупную цену) за вычетом суммы, ранее внесенного гарантийного взноса. Выигравшим торги, признается лицо, предложившие наиболее высокую цену. Гарантийный взнос участника, выигравшего торги, но не оплатившего покупную сумму, поступает в доход государства.

За справками обращаться: Старшему судебному исполнителю ПССИ Чаткальского района. Тел.раб (03749) 3-00-76, моб.(0778) 80-00-76., (0555) 107-866.

Старший судебный исполнитель ПССИ Чаткальского района: М.К.Масалбеков

● СЫНАК

Бешик-Жон айыл өкмөтү төмөнкү вакантташ административдик муниципалдык бош кызмат орундарына Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызмат жөнүндөгү мыйзамына негиз

СЫНАК ЖАРЫЯЛАЙТ

Жетектөөчү адис – 1 орун.
Адис-1 орун.
Муниципалдык менчикти тейлөө жана жер маселеси боюнча- жетектөөчү адис:

Кесиптик билимдин деңгээли:
- жогорку билим же атайын айыл чарба багытындагы орто кесиптик билим.

Иш стажы жана тажрыйбасы:
- иш стажына талап коюлбайт.

Кесиптик компетенттүүлүгү:
Төмөнкүлөрдү билүү:

Айыл чарба жерлерин, мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү шарттары жана тартиби тууралуу типтүү жобо (КР Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы № 243-токтому менен жактырылган) КР Өкмөтүнүн 2006-жылдын 8-майындагы №571 токтому, "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" мыйзамы, КР Өкмөтүнүн «Айыл чарба багытындагы жер тилкелерин сатуу-сатып алуунун тартиби жөнүндө жобону бекитүү жөнүндө» 2001-жылдын 13-августундагы №427 токтому.

Милдеттери:
- Жергиликтүү коомдоштуктун муниципалдык менчигиндеги жолдорун, имараттарын, курулуштардын абалдарын пайдаланууга жана тескөөгө байланыштуу маамилелер боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башчысына өнүктүрүү, жакшыртуу сунуштарын даярдоо;
- Айыл чарба жерлерин, кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин пайдалангандыгы үчүн дифференцияланган ставкаларды аныктоо боюнча жергиликтүү кеңеш тарабынан бекитүү үчүн сунуш киргизүү;
- Ижаралар менен келишимдерди түзүп, айыл өкмөт башчысынын кароосуна сунуш кылат жана алардын жыйынтыгын чыгарууга;
- Агрардык саясатты жүргүзүүгө жана жалпы принциптерин сактоого көмөктөшүүгө;
- Айыл чаба жерлерин максаттуу пайдалануу, жер рыногун түзүү жана анын натыйжалуу иштеши боюнча чараларды көрүү;
- Статистикалык органдарга жер боюнча статистикалык маалыматтарды берүүгө;
- Муниципалдык менчиктин рээстрин түзүү.

Адис - аскердик каттоо адиси (1 орун)

Кесиптик билимдин деңгээли:
- жогорку билим же атайын кесиптик орто билим.

Иш стажы жана тажрыйбасы:
- иш стажына талап коюлбайт.

Кесиптик компетенттүүлүгү:
Төмөнкүлөрдү билүү:

КРдин «Кыргыз Республикасынын жарандарынын жалпыга бирдей аскердик милдети жөнүндө, аскердик жана альтернативдик кызматтар жөнүндө» мыйзамы, КР Өкмөтүнүн 2004-жылдагы 4-декабрындагы "Жарандарды каттоого алуу жана чыгаруу жөнүндө" №886 токтому

Милдеттери:
- Аскерге чакыруулардын алгачкы каттоосун жүргүзүү;
- Айылдын аймагындагы ишканалардын эсебин алууга, алардын аскердик каттоо иштерине системалуу көзөмөлдөө, жылына бир жолудан кем эмес аскерге милдеттүүлөрдөн алгачкы каттоосун каттоого алуу маалыматтарына салыштырып текшерүү жүргүзүү;
- Аймактагы 16 жашка жеткен жана паспорттору жок, паспорт жашынан өткөн жарандардын эсебин жүргүзүү, аларды паспорт менен камсыз кылуу, жарандарды каттоого коюу, каттоодон чыгаруу.
- Этникалык кыргыздарды каттоого алуу жана алардын жарандык паспорт алуусуна документтерди даярдоо.

Сынакка катышуу үчүн талап кылынуучу документтер:
- жеке арызы; кадрларды каттоо баракчасы; өмүр баяны (соттолгондугу же соттолбогондугу жөнүндө маалыматты көрсөтүү менен); таржымал (резюме); сүрөт; паспорттун көчүрмөсү; керектүү кесиптик билимин, эмгек стажын жана квалификациясын ырастаган документтерин (эмгек китепчесинин билими, квалификациясын жогорулаткандыгы, илимий даража же илимий наам берилгендиги жөнүндө документтеринин көчүрмөлөрү нотариустан же иштеген жериндеги персоналды башкаруу кызматы тарабынан күбөлөндүрүлөт); сунуш каттары.

Документтер газетага жарыяланган күндөн тартып 10 жумушчу күндүк мөөнөттө төмөнкү дарекке тапшыруу зарыл:

Базар-Коргон району,
Бешик-Жон айыл өкмөтү,
Бешик-Жон айылы,
А.Масабиров көчөсү №7.
Тел.: (03736) 5-00-33. 0776-10-12-82.

Орозалы КАРАСАРТОВ
Аймак
гезитинин жана www.aimak.kg сайтынын негиздөөчүсү

Директор:
Анаркан АЛИМОВА
(0772) 12-82-67

Башкы редактор:
Акбермет САДЫКОВА

Кол жазмалар кайтарылбайт жана рецензияланбайт. Жарыяланган материалдардын мазмунунун жоопкерчилиги аларды берүүчү тараптан суралат.
Катталуу №001042. Жазылуу индекс 68560.

Биздин реквизиттер:
ОсОО «Дубан» (ОП газета «Аймак»)
ИНН 01010201110055
Код ОКПО 25700632 БИК 128004
ЗАО «КИКБ» КР Жалалабатский филиал
Эсеп-счёту №1280046034260765

Редакциянын дареги:
Жалал-Абад шаары, Ленин көчөсү-17.
www.aimak.kg
E-mail: **orozaly@mail.ru**
Телефон факс: **(03722) 2-32-36**

Гезит редакциянын компьютердик борборунда терилди жана жасалгаланды. «ММКны колдоо боюнча борбор» фондунун басмаканасында басылды. Бишкек шаары, Горький көчөсү-1Б.

Буйрутма № 2231
Нускасы 2300
Келишим баа.

Калыгул атанын насааты

Батасыз калар элиңер,
Балыксыз калар көлүңөр.
Корголсуз калар корооңор,
Кол сунбас жолдош-жорооңор.
Ичегиң калар ичкерип,
Ийгилик турар кеч келип.
Санаасы бузук эл келер,
Салт-санаа айткан тергелер.
Жегени таза жерилер,
Жериңди четтен кемирер.
Учкундан мурун өрт кетер,
Улуудан каада-салт кетер.
Казанга салбай аш бышар,
Кагазсыз элиң кат жазар.
Ширеңке чакпай от жагар,
Шилбилүү төрүң бош калар.
Тоолорун калар топусуз,
Сок билек калар сокусуз.
Үйлөрүң болор үч кабат,
Эшигиң болор беш кабат.
Көңүлүң өргүп тынч албас,
Өксүсөң эч ким кылчайбас.
Түбөлүк көрөр жашоосун,
Түз жолго салбас азоосун.
Тыя албай калар катынын,
Каттабай калар жакынын.
Тең ата болор жаш-кары,
Тебилип калар баштагы.
Уят деп айтсаң күлүшөр,
Улуулук наркы чүрүшөр.
Казына башчын шум болор.
Кагаздай аппак ун болор.
Чегиртке басар жериңди,
Чет жерлик табар эбиңди.
Куюгар журтуң адашып,
Кул-кутан бийлик талашып.
Кылычың ташка чабылар,
Кытайлар каптап жабылар.
Саламын айтар ийилип,
Саадагын жонго түйүнүп.
Аралай чабар элиңди,
Акырын бузар тегиңди.
Алгоолон жүрүп жол салар,
Ары тур, десең кол салар.
Жараксыз келип багынтар,
Жарлыгын төшкө тагынтар.
Жараткан Теңир кайда?- деп,
Жасалма бутка табынтар.

ПЕРИШТЕ жана ШАЙТАН

Кайсы бир убакта Италиянын королу эң мыкты сүрөтчүнү чакырып, шаардагы сыйынуучу жерге периште менен шайтан экөөнүн тең образы тушүрүлгөн сүрөт тартасың деп буйрук бериптир.

Сүрөтчү периштенин образын көпкө издеп акырында бактылуу балакайды табат. Ата-энесине акысын төлөп, сүрөткө тартып баштайт. Бир айдан соң сүрөт даяр болуп, сүрөтчүнүн эң мыкты эмгеги деп бааланып, сыйлыкка татыйт.

Сүрөтчү эми шайтандын образын жаратууну ойлоп шаардагы эң жагымсыз жайлардан, түрмөлөрдөн, жиндиканалардан издей баштайт, бирок издегенин таппайт. Арадан кырк жыл өтүп кетет. Король шайтандын образын тапкыча кокустан сүрөтчү көз жумуп кетпесин деп ойлоп кимдин жүзү коркунучтуу, түрү суук болсо, мейли ошону тартсын деп жарыялайт.

Бир күнү сүрөтчү пивоканадан мас жүдөгөн, чачтары бирин-серин калган, тиштери түшкөн, ырсайган арык шайтандын кебетесиндей жагымсыз кишини көрөт. Сөгүнчөөк, орой мас кишиге акысына көп акча төлөп берүүнү макулдашып, сүрөткө тартылып берүүсүн суранат. Сүрөтчү тартып жатып тиги кишинин көзүнөн жаш куюлуп жатканын көрөт. - Сиз тамеки чеккиңиз келдиби же арак ичесизби? - деп сурайт.

- Жок, мырза, сиз мени кырк жыл мурун периштедей кылып сүрөткө тартты ңыз эле, эми болсо кайра шайтандай кылып тартып жатасыз, Мен ошого өкүнүп жатам...Жылдар мени ушундай кылып өзгөрттү- деп ыйлап жиберет. Сүрөтчү уккан кулагына ишенбей периштенин сүрөтүнүн алдында аны менен кошо ыйлай баштайт...

Кудай баарыбызды периштедей жаратат, бирок кылган ишибизден, жүрүм-турумубуздан, ниетибизден, сөзүбүздөн жаңылып башка жакка өзгөрөбүз. Бизде - бири жакшылыкка, бири жамандыкка алып барчу эки жолубуз бар. Ички дүйнөбүздү, жан дүйнөбүздү булгануудан, бузулуудан сактап, таза бололу!

(Ыйман нуру)

Ырдап жүр

"ЭСЕН МЕНЕН БЕГИМАЙДЫН ЫРЫ"

Сөзү: Бактыгүл Чотурованыкы
Обону: Жолдошбек Апасовдуку

Ыза бар, чөптө да тепселип өсүп жаткан,
Күч да бар, ал чөптө күрөшүп таш жарган.
Мөлтүлдөп каректеги сезимиңе сапарлаш,
Үмүт бар, күлүктө бурбай алыс чапкан.

Күлүгүң бүгүн чаң жутту көөнү өспөй,
Жалган үмүтүм чүкө кылып мени өкчөй.
Жеңилип баратканда сүйүүм жерден алып,
Жетелеп турат сөзүң сени көздөй.

Махабат тапкан тагдырды бакыт десем,
Колго карматпай жетсем деймин жүрөк канап.
Жылдыздай асманымда сүйүүм бийик жанып,
Кыялым сага жетип сермейт күүлөп канат.

Жан дүйнөнө азык

• *Кең түшүнүктөгү адамдар – жер жүзүнүн келечегин түптөйт.*
• *Кокустук жөн эле боло бербейт, кокустук бул белги.*
• *Кесирлик бул эсиргендикке жатат, эсиргендик бул аалам өсүүсүнөн кесилип калууга, кесилип калуу түркүн оорууларга, кырсыктарга, тукумсуздукка алып келет.*
• *Өзүңдү таануу гана чындыкка жеткирет.*

Билип алган жакшы

Ашканадагы май баскан, күйүк топтолуп катып калган идиштерден төмөнкү жолдор менен арылууга болот.

Уксус. Май сиңип саргыч тартып калган мискейге 4 аш кашык уксус жана 1 стакан жылуу суу куюп жай отко коюп 2 саат кайнатат. Мында катып калган майлар күбүлүп түшөт. Уксустун ордуна лимон кычкылын же лимондун өзүн колдонсо да болот.

Белизна. Сыр идиштерди тазалоодо идишке 1 стакан муздак суу менен 1 аш кашык белизнаны куюп кайнатып, капкагын жаап бир сутка коюп, аягында идишти жакшылап таза жуу керек.

Сода. Чакан мискейге 3 аш кашык сода салып, үстүнө 3 стакан ысык суу куюп жай отко 15-20 мүнөт кайнатууга болот.

Айрандын сары суусу. Саргарып калган мискейге толтуруп сары суудан куюп 2 сутка кармоо керек. Андан кийин сууну төгүп щётка же катуу губка менен жышып жууп салуу керек. Бул ыкма менен жаңыдан саргарып келе жаткан идиш-аяктарды тазалаcа да болот.

Активдештирилген көмүр. 10 даана активдештирилген көмүрдү майдалап эзип, май басып катып калган идишке шыбап 5-10 мүнөт күтүү керек. Андан соң катуу щётка менен жышып жуу керек.



Жылдыз төлгө

(10.12. – 16.12.2010-ж.ж.)

КОЙ (21.03-20.04). Кошумча киреше булагын табуу үчүн керектүү адамдар менен сүйлөшүүгө туура келет. Бирге иштешкендер өз укугун талашып сиз менен кермур айтышууга барат. Акылга салып иш кылсаңыз, кырдаалдан оңой чыгасыз.

БУКАЧАР (21.04-20.05). Аптада жагымдуу мамилеңиздин арты менен чоң ийгиликтерге жетүүңүзгө мүмкүнчүлүк түзүлөт. Сизге кеп-кеңешин бергендерге кулак салсаңыз адашпайсыз. Үйдө үй жумуштарын жасап жатып абайлоо кажет.

ЭГИЗДЕР (21.05-21.06). Кеңешмеде чечкиндүү аракет кылып, өз пикириңизге бекем туруунуз зарыл. Болбосо бир иштерге күнөөлүү болуп кала бересиз. Жеке жашоо калыбын өзгөртпөйт. Апта аягында үй-бүлө мүчөлөрүнүн маселеси боюнча чуркайсыз.

БӨЙӨН (22.06-22.07). Жеке жашооңуздун багытын түрткөн чечим кабыл алууга туура келет. Коркпостон алдыга умтулуңуз. Дүйшөмбүдө жакындарыңыздын терс иштерин бетке айтуудан тартынбаңыз. Апта соңунда күтпөгөн адамдан жагымдуу белек аласыз.

АРСТАН (23.07-23.08). Бир нерселерди сатууда жана сатып алууда жылдыздар жол ачып берет. Жакын адамыңыз менен кайра табышып, эски таарынычтарды унутуу керектелет. Жаңы изилдөөлөр үстүндө иштесеңиз.

БИЙКЕЧ (24.08-23.09). Каржылык абалыңыздын жакшырышы жана чөйрөдөгү жаңы адамдар менен толукталышы күтүлүүдө. Жумада туура эмес маалыматтар менен сизди алдаганга аракет кылышат.

ТАРАЗА (24.09-23.10). Соодагерлер менен бизнесмендерге жаңы деңгээлге көтөрүлүү маал. Бирок бул өнөктөштөр менен туура иштешкендерге гана ишке ашат. Аптада сүйүктүүңүз сизге көп убакыт бөлүүгө тырышат.

ЧАЯН (24.10-22.11). Жан дүйнөңүзгө тынчтык берберген сезимдер сизди иштен алагды кылат. Андыктан керектүү адам менен мамилени улантууну же ачык сүйлөшүүнү улантышыңыз мүмкүн. Айлык азайбасын десеңиз, жумушта түзүлгөн жаңы шартка ылайыктышууңуз абзел.

ЖААЧЫ (23.11-21.12). Алдыдагы жашоо багытыңыз жакшы жакка өзгөрүүсү күтүлөт. Окууларга маани берип, назар салуу сунушталат. Айрымдар жашаган жерин алмаштырышат. Керектүү маалыматты издеп убара болосуз.

ТЕКЕЧЕР (22.12-20.01). Жакыныңыздын жеке турмушу боюнча чечим кабыл алуусуна аралашпаңыз. Эмесе ортодон түшүнбөстүктөр пайда болушу мүмкүн. Өзүңүзгө ушул жуманы арнап, хобиңизге көңүл буруруга учур келди.

СУУ КУЯР (21.01-19.02). Сүйүшкөндөр ортосундагы таарыныч кол үзүшүүгө чейин жеткирүүсү мүмкүн. Андыктан жагдайды жакшылап түшүнүүгө аракет кылыңыз. Туура тамактанууну көзөмөлдөбөсөңүз, ашказан ооруларына кабылышыңыз ыктымал.

БАЛЫК (20.02-20.03). Жуманын алгачкы күндөрү кызматтан баш көтөрбөй иштөөгө туура келет. Жаңы ишти баштоодо тажрыйбалуу адамдан кеңеш алыңыз. Алдамчылардын тузагына түшүп калбайын десеңиз, түшкөн сунуштардан баш тартканыңыз оң.